"Бекитемин" 1.09.2022-жыл.

Мектеп директору _____ С.Тыналиева

1.09.2022-жыл.

Кылмыштуулукту алдын алуу максатында өткөрүлүүчү иш чаранын планы.


| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | формасы | Ким аткарат |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ар бир класстагы окуучулар менен үч тараптуу келишим түзүү жана коопсуздук эрежелери менен тааныштыруу. | сентябрь | Келишимдер | Уюштуруучу,класс жетекчи |
| 2 | Ийримге окуучуларды тартуу | Жыл бою | ийримдер | Класс жетекчи |
| 3 | Кылмыштуулуктун алдын алууга каршы Нарын РИИБине саякат уюштуруу | Жыл ичинде | саякат | Соц.пед. Уюштур. |
| 4 | Кылмыштуулуктун алдын алуу "Өспүрүмдөр кылмышка каршы"деген ураандын астында өтүлүүчү тегерек столдун иш-планы | Жыл ичинде | Тегерек стол | ИДН |
| 5 | Ата-энелер арасында укук темасында аңгемелешүү | сентябрь | Ата-эне жыйналыш | Кл.жет. |
| 6 | Кылмышка жөндөмдүү окуучулар менен жекеме-жеке суйлөшүүлөрду өткөруу | Жыл ичинде | Аңгемелешүү | Кл.жет Соц.пед |
| 7 | Адепсиздиктин акыры кылмыш,кылмыштын акыры жаза | Жыл ичинде | Ачык сабак | Султанова |
| 8 | Окуучулардын убактысын туура пайдаланууга көнүктүрүү үчүн китеп окуу сынактарын уюштуруу. | Чейрек ичинде | Сынак тренинг | Уюштуруучу |

Уюштуруучу: _____ Ж.Айдакеева.

Scanned by TapScanner

# КЫЛМЫШТУУЛУК ЭМНЕДЕН БАШТАЛАТ?

МАКСУТОВА СУЙУМКАН



Scanned by TapScanner

# Тема: «Кылмыштуулук эмнеден башталат?

**САБАКТЫН МАКСАТТАРЫ:**

**Сабактын аягында окуучулар**

- ✓ Кылмыштуулук эмне экенин билсе;
- ✓ Кылмыштуулуктун түрдөрүн жана типтерин билет;
- ✓ конкреттүү кырдаалда чыр-чатактын түрүн жана тибин аныктай алат;
- ✓ Кылмыштуулуктун терс жактары гана эмес, ошондой эле оң натыйжалары да бар экенине өз мамилесин калыптандырат.

Scanned by TapScanner

2-БӨЛҮК.

"АЛАРДЫН ЖАКШЫ МААНАЙЫН АКЧАНЫ КАЙДАН ТАБУУ КЕРЕК ДЕГЕН МАСЕЛЕ ТҮШҮРДҮ. АЙБЕК БОЛСО АНЧА -МЫНЧА ЧОГУЛТУП ЖҮРГӨН ЧОҢ ЭНЕСИ БЕРГЕН АКЧАСЫН ЭСТЕДИ. БИРОК, АЛ ДЕЛЕ ЖЕТМЕК ЭМЕС. АНАН АТАСЫНАН СУРАП КӨРҮҮНҮ ЧЕЧТИ" АЛ ЭМИ ТЫНЧТЫКТЫН БОЛСО АКЧА СУРАГАНГА ДА КИШИСИ ЖОК БОЛОТ. АПАСЫ БОЛСО ЭПТЕП КҮНҮМДҮК ТАМАК АШЫНА ЖАНА ЭҢ КЕРЕКТҮҮ НЕРСЕЛЕРГЕ ГАНА АКЧАСЫН КАНТИП ЖЕТКИРЭЭРДИН АЙЛАСЫН ТАППАЙ ЖҮРӨТ. УШУНДАЙ КЫРДААЛДА ЭДИЛ АТУУ БАЛА ТЫНЧТЫККА ЖАРДАМ БЕРЕМ ДЕЙТ. БИРОК КАРЫЗЫН БИР ИШТИ АТКАРЫП БЕРИП КУТУЛА АЛААРЫН АЙТАТ. "ЭКИ КҮН ОЙЛОН, ЭГЕР МАКУЛ БОЛСОҢ, БАЙЛАНЫШ" -ДЕП АЙТАТ.

Scanned by TapScanner

# СУРООЛОР

1-ТОП. АЙБЕКТИ КАНДАЙ КОРКУНУЧ КҮТҮШҮ МҮМКҮН?

2-ТОП. ОКУЯ МЫНДАН АРЫ КАНДАЙ ӨНҮГӨТ?

3-ТОП. СИЛЕР ТЫНЧТЫКТЫН ОРДУНДА БОЛСОҢОР ЭМНЕ КЫЛАТ ЭЛЕҢЕР?

Scanned by TapScanner

1-БОЛУК

АЙБЕК МЕНЕН ТЫНЧТЫК, 9-КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫ, БИР МЕКТЕПТЕ ОКУШАТ. АЛАРДЫН ТААНЫШ БОЛГОНУНА ҮЧ ЖЫЛ БОЛДУ. ТЫНЧТЫК АЙБЕККЕ КОШУНА БОЛУП КЕЛГЕНДЕН БАШТАП ЭЛЕ ЭКӨӨ ДОСТОШУП КЕЛИШЕТ. АЛАР БИРИ-БИРИНЕ ЫНАК БОЛУП, КӨП УБАКТАРЫН ЧОГУ ӨТКӨРҮШӨТ.КӨП НЕРСЕЛЕРДИ ЧОГУ КЫЛЫШАТ.АКЫРКЫ УБАКТА ЭКӨӨ СКЕЙТБОРД АЛГЫЛАРЫ КЕЛИП ЖҮРҮШӨТ. БАШКА ДОСТОРУНУН БААРЫНЫКЫ БАР. БИРОК СКЕЙТБОРД ӨТӨ КЫМБАТ ТУРАТ ЭКЕН."

КҮНДӨРДҮН БИР КҮНДӨРҮНДӨ АЛАРДАН ТӨРТ ЖАШ УЛУУ НУРБЕК АТУУ БАЛА АЛАРГА: "АЙФОН АЛАСЫҢАРБЫ, ЖАРЫМ БААСЫНА ЭЛЕ САТАМ. МЕН ӨЗҮМ ПАЙДАЛАНГЫМ КЕЛБЕЙ КАЛДЫ",-ДЕП СУНУШ КЫЛАТ. ЖАРЫМ БААСЫНА АЛГАНГА МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛҮП ЖАТКАНЫНА БАЛДАР АЯБАЙ СҮЙҮНҮШӨТ. ОШОНДУКТАН МЫНДАЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТҮ КОЕ БЕРБЕЙ, КЕРЕКТҮҮ СУММАНЫ ТЕЗ АРАНЫН ИЧИНДЕ ТАБУУГА АРАКЕТТЕНИШЕТ

Scanned by TapScanner

ТООЛС

1-ТОП. ЭМНЕ ҮЧҮН НУРБЕК АЙФОНДУ АРЗАН САТЫП ЖАТАТ?

2-ТОП. АКЧАНЫ ЭМИ КАНТИП ТАБЫШАТ?

3-ТОП. ИШТЕП ТАБЫШ КЕРЕКПИ ЖЕ ЖЕҢИЛ ЖОЛДОРУН ТАПСА БОЛОБУ?

Scanned by TapScanner

КЫЛМЫШТУУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ БИР КЫЙЛА ЖАНА АР КАНДАЙ, БИРОК АНЫН ЭҢ БАШКЫ СЕБЕПТЕРИНЕ- ЭЭНБАШТЫКТЫ, ТЕНТЕКТИКТИ, ЖАНА ТАРБИЯНЫН ЖОКТУГУН, ЖООПКЕРЧИЛИК СЕЗИМИНИН ЖАНА ЖАЗАЛАНЫП КАЛАМ ДЕГЕН СЕСТЕНҮҮ СЕЗИМИНИН ЖОКТУГУ КИРЕТ.

Scanned by TapScanner

**СИЛЕР «КЫЛМЫШТУУЛУК» ДЕГЕН СӨЗДҮ УККАНДА СИЛЕРДЕ КАНДАЙ ЭЛЕСТЕР ПАЙДА БОЛОТ? СИЛЕРДИН ОЮҢАРГА БИРИНЧИ ЭМНЕ КЕЛЕТ?**

Scanned by TapScanner

Адам – социалдык тирүү жандык, бардыгыбыз коомдо жашайбыз,бири-бирибиз менен баарлашабыз, бирок көп учурда адамдардын баарлашуусунда, мамилелеринде оорчулуктар келип чыгат, алар кылмыштуулукка алып келиши мүмкүн. Бүгүнкү сабак дал ушул темага арналган.

Scanned by TapScanner

БИЗДИН ТУРМУШУБУЗДА КЫЛМЫШТУУЛУК КАНЧАЛЫК ТЕЗ-ТЕЗ БОЛУП ТУРАТ?

КООМДОГУ БОЛУП ЖАТКАН КЫЛМЫШТУУЛУКТУН МИСАЛДАРЫН КЕЛТИРГИЛЕ.

Scanned by TapScanner

«Бекитемин» ____________ Числосу 19.09.

# «Эмне учун балдар кылмыштуулука барат»

Предмети: Тарбия саат

10 - класс

*Класс жетекчиси: Акынбаева С*

Scanned by TapScanner

# Эмне учун балдар кылмыштуулукка барышат?

**Максаты;**

1. Окуучулар кылмыштуулуктун коомго жат мунозун, моралдык жана материалдык залалын билишет, кылмыштуулук-укук бузуу экендигин жана ал созсуз оз жазасын алаарын туюп, тушунушот;
2. Оспурумдор арасындагы кылмыштуулуктун алдын алууга, туура чечим кабыл ала билууго, ар кимдин укугун сактай жана коргой билууго,оз милдетин аткара билууго тарбияланышат.
3. Балдардын кылмыштуулукка баруу себептерин талдашат, озун- озу баалоо,оз оюн эркин айтуу, топтордо иштоо, салыштыруу, талдоо кондумдорун арттырышат.

**Жабдылышы;** Бейджиктер, маркер,ак кагаздар.доска, бор жана кылмыштуулук жонундо кыскача текст.

**Тренингдин журушу;**

**Алтын эреже кабыл алуу;**

Регламентти сактоо.
Активдуулук.
Ар бир жооп баалуу.
Бирин-бири сындабоо.
Бири-бирине тоскоолдук кылбоо.
Кол которуп жоoп беру.
Санкция.

**1-кадам. Окуучулар бирден 3 ко чейин саноо жолу аркылуу уч топко болунушот.**

**2-кадам. «Жагымдуу маанай тузуу».(5мун).**

**Тренер-психолог окуучуларга «Бардыгы оз колунда» деген притча айтып берет:** «Дуйнодо эн акылман адам жашайт, ал бардык суроолорго убагында тура жооп таба билет, анын шакирттеринин бири устатын сынамакчы болот дагы, ага «Кандай суроо берсем экен, чын эле ал баардык суроолордун жообун биле алабы?», - деп ойлонуп журуп, устатынын алдына келет дагы, эки колун эки жака сунуп, «Менин колумдагы кандай кополок,олуубу же тируубу», - деп суроо узатат.Акылман ойлонбостон туруп, «Бардыгы сенин колунда», - деп жооп берет.

**Окуучуларга акылмандын жообун чечмелеп айтып беруу сунушталат:**

Балдардын оюн уккан сон, тренер-психолог тарабынан жыйынтыкталат. «Демек, балдар, ар кимдин жашоосу оз колунда, силер оз келечегинерди озунор аныктайсынар»

**3-кадам.** Бутпогон суйломду бутуруу методикасын аткаруу; балдарга томондогу бутпогон суйломду бутуруу тапшырмасы берилет. «Бала болуу жакшы себеби…», «Бала болуу жаман, себеби…»(3мун)

Scanned by TapScanner

**4-кадам.** Балдар жазган ойлорун окуп беришип, талкуулашат;(5мун)

**5-кадам. Негизги болугу; Текст менен иштоо.**(Окуучулар текст 4 болукко болунуп окулуп берилип, ар бир болумдон кийин уч топко уч башка суроолор берилип, талкуу жургузулот. Ар бир болукту талкулоого 5 мунот берилет).

**Тренер-психолог: Биздин тема; «Эмне учун балдар кылмыштуулукка барышат?».**

**I болук.**

«Калыс менен Бакай, 9-класстын окуучулары, бир мектепте окушат. Алардын тааныш болгонуна 3 жыл болду. Калыс Бакайга кошуна болуп келгенден баштап эле экоо достошуп келишет.Алар бири-бирине ынак болуп, коп убактыларын чогуу откорушот. Коп нерселерди чогуу кылышат. Акыркы убакта экоо скейтборд алгылары келип журушот. Ырок скнйтборд ото эле кымбат турат экен.

Кундордун бир кундорундо алардан 4 жаш улуу Бакыт аттуу бала аларга: «Скейтборд аласынарбы, жарым баасына эле сатам. Мен озум тепким келбей калды», - деп сунуш кылат.Жарым баасына алганга мумкунчулук болуп атканына балдар аябай суйунушот. Ошондуктан мындай мумкунчулукту коё бербей, керектуу сумманы тез арада табууга аракеттенишет.

**Суроолор:**

**1-топ.**Эмне учун Бакыт скейдборду арзан сатып жатат?

**2-топ.** Акчаны эми кантип табышат?

**3-топ.** Иштеп табыш керекпи же женил жолдорун тапса болобу?

**II болук.**

«Алардын жакшы маанайын акчаны кайдан табуу керек деген маселе тушурду.Калыс болсо анча-мынча чогултуп жургон чон энеси берген акчасын эстеди. Бирок ал деле жетмек эмес.Анан атасына сурап коруунy чечет.»

Ал эми Бакайдын болсо акча сураганга да кишиси жок болот.Апасы болсо эптеп кунумдук тамак ашына эн керектуу нерселерге гана акчасын кантип жетирээринин айласын таппай журот.

Ушундай кырдаалда Нооруз аттуу бала Бакайга жардам берем дейт. Бирок карызын бир ишти аткарып кутула алаарын айтат. «Эки кун ойлон, эгер менин сунушума макул болсон, байланыш»-деп айтат.

**Суроолор:**

**1-топ.**Бакайды кандай коркунуч кутушу мумкун?

**2-топ**. Окуя мындан ары кандай уланат?

**3-топ.** Силер Калыстын ордунда болсонор эмне кылат эленер?

**III болук.**

«Уйуно келип Калыс атасынан акча сурайт.Атасы уйундо ашык акча жок,бирок балам аны озун иштеп тап.Менин досумдун устаканасына

Scanned by TapScanner

жардам берип,анча-мынча акча тапсан болот-дейт.Калыс атасынын айтканына макул болуп устаканада иштемекчи болот»
Бакай болсо эмне кылаарын билбей,айла жоктон Нооруздун сунушуна макул болот .2-3 кун откондон кийин Нооруз Бакайды Азамат деген бала менен тааныштырат. «Экоонор бир уйго кирип чыккыла. Ал жерден бир нерсе алып чыгышынар керек.» - дейт.

**Суроолор:**

**1-топ.** Ушундай учурга кбыл болсонор эмне кылат эленер?

**2-топ.**Бакай бул абалдан кантип чыгышы керек?

**3-топ.** Ушул жерден уйго кире электе эле макул болбой кетип калса болбобу?

**4-болук**

Бакай менен Азамат уйго кирип тоноп чыкмай болушат. Берилген дарекке барып уйду ачып кирээр менен, уйдо бироо бар экенин сезишет.Ангычакты аран баскан карыган кемпир торку болмодон чыга келет да, балдарды коруп, коркконунан кыйкырып жиберет. Азамат аны катуу туртуп, союл менен бир урмак болгондо,Бакай Азаматтын колун кармап калат.Экоо качып чыгууну туура корушуп, сыртка чуркап чыгышат.Бирок ушул убакта короодо турган милиция кызматкерлери балдарды кармап алышат. Милицияга байкап калган кошунасы кабар берген эле.

**Суроолор;**

**1-топ.** Эми окуя кантип бутот?

**2-топ.** Балдар, эмне болот деп ойлойсунар?

**3-топ.** Ким куноолуу?

Жалпы окуучулардын жыйынтыктоосу. Кылмышкер болуп чоноюу же чынчыл адам болуп туз жол менен жашоону ар бир адам озу чечет.(5 мин)

**6-кадам. «Севен-ап» оюнун ойнотуу.**

Балдар айланага турушат. Катары менен 1-7ге чейин санашат.7-окуучу 7 деп атабастан «Севен-ап» деп айтып, кол чабуусу керек.Эгерде жанылап калса, эске тутууну онуктуруп, жакшы маанай тартуулайт.(3мин)

**Рефлекция:**

1. Бугунку тренинг силерге эмнеси менен жакты?
2. Озунорго пайдалуу эмне ала алдынар?
3. Топтордо иштоо кызыктуу болобу?
4. Кандай темада тренинг отууну каалайсынар?(5мин)

**7-кадам.** Жалпы тренингге жыйынтык чыгаруу.(3-мин).

Scanned by TapScanner